Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

**2024-жыл үчүн**

**Июнь 2025**

**Бишкек**

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | А. Козубеков |
| Кеңештин мүчөлөрү: | А. Мамбеткул кызы |
| | А.Орозалиев |
| Жооптуу катчы: | М. Абдубачаев |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдуу негизи катары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы саналат. Басылмада тышкы сектордун өнүгүүсүнүн акыркы тенденциялары чагылдырылган жана анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык резервдер, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позиция боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү методикасы жана маалымат базасы камтылган. Басылма жыл ичинде төрт жолу: февраль, июнь, август, ноябрь айларында жана үч тилде: кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

## Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2025-жылдын 20-майы.

### Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет;

– жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча
(+996 312) 61-09-21, 66-90-06 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: mabdubachaev@nbkr.kg

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн. ISSN 1694-8955.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2025-жыл.
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.
“M-Maxima” басма үйүндө басылып чыгарылды.
Тел.: (+996 312) 902 907
e-mail: office@maxima.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчёту***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчёту болуп саналат. Жылдык отчёт экономиканын реалдуу секторундагы, финансы жана тышкы секторлорундагы өзгөрүүлөргө баа берүү, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндөгү, банк жана төлөм системалары, банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча боюнча чечимдерин жана аракеттерин, ошондой эле финансылык отчётун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды жана статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул басылмада Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт***
Инфляциянын негизги факторлоруна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана болжолдоолор, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички чөйрөсүндө экономикалык абалдын өнүгүшүнө баа берүүгө негизделген акча-кредит саясаты тармагында Улуттук банктын чечимдери тууралуу коомчулукка маалымат берилет. Чейрек сайын Улуттук банктын расмий интернет-сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчёт***
Коомчулукту Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү боюнча маалыматтар менен тааныштыруу бул басылманын максаты болуп саналат. Жылына эки жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Улуттук банкта кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик актылар жарыяланат. Басылма болжол менен айына бир жолу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жарыяланып турат.

Улуттук банктын басылмалары бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги расмий интернет-сайтында “Басылмалар” бөлүгүндө жайгаштырылып келет.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| ААА | атайын административдик аймак |
| АКЖО | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ (SDR) | Атайын карыз алышуу укугу |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БФКУ | банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| ДТК | дүң тышкы карыз |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык бирлиги |
| Жалпы ТК | жалпы тышкы карыз |
| Жеке ТК | жеке тышкы жарыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КБ | коммерциялык банктар |
| МИ | мамлекеттик ишкана |
| ММК | массалык маалымат каражаттары |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КР ТИМ | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| КРУБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| КР УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| КР Финансы министрлиги | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ҮЧТКЭУ | үй чарбаларын тейллөөчү коммерциялык эмес уюмдар |
| ФОБ | экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭССК | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |

# МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы** ... **7**
**Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** ... **29**
**Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** ... **30**
**Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы** ... **36**
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ... **39**
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ... 40
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 50
I.3-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 50
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 51
I.5-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 51
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 52
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 52
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 53
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 53
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 54
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 56
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун айкын көлөмү ... 58
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун айкын көлөмү ... 59
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... **60**
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 60
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 61
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 62
I.17-таблица. Беларуска товарлардын экспорту ... 63
I.18-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 64
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 65
I.20-таблица. БАЭге товарлардын экспорту ... 66
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... **67**
I.21-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 67
I.22-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 68
I.23-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 69
I.24-таблица. Улуу Британиядан товарлардын импорту ... 70
I.25-таблица. Беларустан товарлардын импорту ... 71
I.26-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 72
I.27-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 73
I.28-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 74
I.29-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 75
I.30-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 76
I.31-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ... 77
I.32-таблица. БАЭден товарлардын импорту ... 78
I.33-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 79
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 81
I.34-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ... 82
I.35-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ... 83
I.36-таблица. Эл аралык резервдер ... 83
I.37-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ... 84
**II тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү методикасы** ... **85**
**III тиркеме. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарын эсептөө методикасы** ... **94**
**IV тиркеме. Коммерциялык банктарда төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн эсепке алуу системасы** ... **98**
**V тиркеме. Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөгөн коэффициенттерди эсептөө методикасы** ... **101**
**VI тиркеме. Эл аралык инвестициялык позиция түзүү методикасы** ... **103**

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2024-жылдын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу кызмат көрсөтүү жана экинчилик кирешелер балансынын жакшырышы менен катар эле соода тартыштыгынын олуттуу кыскарышы натыйжасында 4 422,0 млн АКШ доллары (ИДӨгө карата 25,2 пайыз) өлчөмүндө терс түптөлгөн.

## СООДА БАЛАНСЫ[1]

*Импорттун бир аз төмөндөөсү алкагында экспорттун олуттуу өсүшү соода балансынын тартыштыгынын кыскарышын шарттаган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Кыргыз Республикасынын **соода балансынын сальдосу** 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча ФОБ баасында 6 492,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн жана 2023-жылдын маалыматтарына салыштырганда 21,6 пайызга кыскарган.

Отчёттук мезгил ичинде **тышкы соода жүгүртүү** ФОБ баасында 16 337,2 млн АКШ долларын түзүп, 2023-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө карата 8,6 пайыз өлчөмүндө өсүш менен алгылыктуу түптөлгөн.

**Товарлар экспорту ФОБ** баасында 4 922,3 млн АКШ долларын түзгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 2023-жылдын жыйынтыгына салыштырганда 15,3 пайызга көбөйүү менен 2 416,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө катталган.

**ФОБ баасында товарлар импорту** 2024-жыл ичинде 11 414,9 млн АКШ долларын түзүү менен 2023-жылдагы тиешелүү деңгээлге салыштырганда 2,1 пайызга төмөндөгөн.

МАЗМУНУ

[1] Бул жерде жана мындан ары, эгерде башка шилтеме келтирилбесе, төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык Улуттук банктын түзөтүүлөрүн эске алуу менен товарларга декларациялар жана УСКнын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соода жүргүзүүнү тандалма иликтөөдө кошумча баа берүүлөрү боюнча маалымат базасынын негизинде түзүлгөн маалымат көрсөтүлгөн.

## ТЫШКЫ СООДА ТҮЗҮМҮ[2]

**Товарлар экспорту** 2023-жылга салыштырганда 45,6 пайызга көбөйүү менен **ФОБ баасында** 4 927,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 15,3 пайызга өсүп, 2 421,8 млн АКШ долларын түзгөн.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча экспорт боюнча товардык түзүмдүн негизин өнөр жай өндүрүшү жана айыл чарба, ошондой эле энергия продукциялары түзгөн.

2024-жылы алтындын экспорту 2 506,1 млн АКШ долларын түзүп, сунуштоолордун физикалык көлөмүнүн жана алтынга экспорттук баанын өсүшү эсебинен 2023-жылдагы натыйжаларга салыштырганда 95,1 пайызга өсүштү көрсөткөн.

Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде баалуу металл кендеринин жана концентраттарынын (3,3 млн АКШ долларына) жана “күмүш, платина жана платина тобундагы башка металлдар” позициясындагы товарлардын экспортунун көбөйүүсү (19,0 млн АКШ долларына) байкалган. Мында баалуулукка жатпаган металл сыныктарын жана түстүү металл калдыктарын чыгаруу көлөмү кыскаргандыгы (20,3 млн АКШ долларына) белгиленген. Аталган позициялардын нарктык көлөмүнүн өзгөрүп туруусу сунуштоолордун физикалык көлөмүнүн өзгөрүшү сыяктуу эле, орточо бааларынын өзгөрүшү менен дагы шартталган.

**1-таблица. Металлургия өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | *т* | 17,7 | 24,8 | 0,3 | 20,2 | 30,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 987,0 | 1 413,0 | 13,1 | 1 284,3 | 2 506,1 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | *миң т* | 237,4 | 178,0 | 107,6 | 294,9 | 79,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 150,4 | 161,3 | 137,4 | 196,4 | 199,7 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң т* | 8,6 | 12,8 | 15,6 | 14,7 | 11,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 32,8 | 108,2 | 94,1 | 86,1 | 65,9 |
| Кара металлдан жасалган сымдар, басма сымдар, бурчтар, профилдер жана башкалар | *миң т* | 19,8 | 64,3 | 67,2 | 98,6 | 74,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,0 | 24,9 | 51,4 | 52,5 | 40,2 |
| Күмүш, платина жана платина топторуна кирген башка металлдар | *т* | 12,1 | 3,8 | 0,7 | 0,7 | 24,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 7,5 | 3,4 | 0,5 | 0,8 | 19,8 |
| Жез кени жана анын концентраттары; цементтелген жез | *миң т* | 0,3 | 12,9 | 0,4 | 20,2 | 14,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,4 | 21,1 | 0,4 | 33,3 | 19,2 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

[2] Улуттук банктын түзөтүүлөрүн эске алуусуз, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча.

**2-таблица. Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | *миң т* | 220,7 | 209,0 | 223,5 | 150,4 | 200,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 81,7 | 92,6 | 135,1 | 94,2 | 108,5 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | *миң т* | 87,2 | 99,6 | 79,7 | 60,1 | 76,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 39,5 | 41,2 | 71,0 | 67,6 | 56,7 |
| Тирүү мал | *миң даана* | 94,7 | 74,6 | 355,5 | 374,6 | 418,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 21,1 | 11,4 | 69,0 | 54,3 | 48,9 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 29,8 | 30,0 | 28,1 | 31,3 | 29,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 24,1 | 29,2 | 28,4 | 27,3 | 37,3 |
| Дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктар | *миң т* | 3,2 | 5,6 | 16,9 | 5,0 | 5,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 15,6 | 24,2 | 26,3 | 28,2 | 30,0 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,6 | 0,8 | 4,2 | 7,4 | 6,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,8 | 1,6 | 6,9 | 26,1 | 23,3 |
| Пахта | *миң т* | 19,2 | 16,3 | 14,4 | 24,0 | 12,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 27,6 | 35,1 | 37,4 | 42,7 | 20,8 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | *миң т* | 0,8 | 1,1 | 1,9 | 1,1 | 4,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,0 | 2,3 | 2,1 | 2,7 | 20,1 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-декабрь айларында айыл чарба продукциясын дүң чыгаруу көлөмү бир аз өскөндүгү мал чарба тармагынын 3,1 пайызга жана өсүмдүк өстүрүү продукцияларын өндүрүү көлөмүнүн 10,3 пайызга[3] көбөйүшүнө байланыштуу болгон. Мында ири товардык позициялар арасында мөмө-жемиштерди жана жаңгактарды (10,9 млн АКШ долларына), тирүү мал жандыктарын (5,3 млн АКШ долларына), эт жана эт азыктарын (2,8 млн АКШ долларына), пахтаны (21,9 млн АКШ долларына) сунуштоо көлөмү азайгандыгы белгиленген. Ушуну менен катар эле жашылчаларды (14,3 млн АКШ долларына), майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак жана сүт азыктары (10,0 млн АКШ долларына), кофе, чай, какао, татымалдар жана алардан жасалган продукттарды (17,4 млн АКШ долларына) сунуштоо көлөмү өскөндүгү байкалган.

2024-жылдын маалыматтары боюнча текстиль өндүрүшүндө, кийим-кече жана бут кийим өндүрүшүндө, тери жана башка териден жасалган буюмдарды өндүрүү көлөмү кийим-кече чыгаруу көлөмүнүн 17,0 пайызга)[4] өсүшү эсебинен (15,3 пайызга) жогорулагандыгы байкалган. Белгиленген мезгил ичинде тигүү өндүрүшүнүн негизги продукциясын, тактап айтканда, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдарды экспорттоо 6,3 пайызга көбөйүп, 116,8 млн АКШ долларын түзгөн. Негизинен өсүш “текстиль кездемелерден тигилген, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кече буюмдары” (11,2 млн АКШ доллары) сыяктуу статья боюнча экспорт көлөмүнүн кеңейишине байланыштуу болгон. Башка товардык позициялар боюнча өзгөрүүлөр тигүү өндүрүшүнүн товарлар экспортунун динамикасына бир аз гана таасирин тийгизген.

[3] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2024-жылдын январь-декабрь айлары)”, КР УСК.
[4] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2024-жылдын январь-декабрь айлары)”, КР УСК.

**3-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кече жана аларга тиешелүү буюмдар, бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | 67,6 | 63,1 | 206,4 | 109,9 | 116,8 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | — *млн АКШ доллары* | 29,7 | 18,2 | 69,0 | 26,4 | 37,5 |
| Текстиль кездемелеринен тигилген же токулган аялдар жана кыздар үчүн кийим-кече | — *млн АКШ доллары* | 8,7 | 16,5 | 39,3 | 31,5 | 31,5 |
| Трикотаждан тигилген же токулган аялдар жана кыздар үчүн кийим-кече | — *млн АКШ доллары* | 18,2 | 16,9 | 32,4 | 19,3 | 20,1 |
| Текстиль кездемелеринен тигилген же токулган эр адамдар жана балдар үчүн кийим-кече | — *млн АКШ доллары* | 1,8 | 1,3 | 18,0 | 11,2 | 10,2 |
| Токулган же токулбаган, согулган же согулбаган кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | — *млн АКШ доллары* | 3,6 | 4,1 | 25,9 | 9,6 | 8,7 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

Мындан тышкары, 2024-жылы экспорттун өсүшүнө текстиль материалдарынан жасалган пардалар жана башка үй эмеректерине тиешелүү буюмдар (107,4 млн АКШ долларына), бут кийим (111,3 млн АКШ долларына), автоунаа бензини (43,5 млн АКШ долларына), трикотаж же токулган кездемелер (30,6 млн АКШ долларына) жана авиакеросин (24,1 млн АКШ долларына) сыяктуу товардык категориялар олуттуу салым кошкон.

**Товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** басымдуу салыштырма салмак 2024-жылы ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө туура келген (70,0 пайыз). Товарлар экспортунун олуттуу көлөмү Улуу Британияга (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө экспорттоонун 35,1 пайызы) Швейцарияга (33,8 пайызы) жана Өзбекстанга (10,1 пайызы) жөнөтүлгөн. Бул өлкөлөргө негизинен иштеп чыгаруу өнөр жай товарлары (алтын) жана айыл чарба продукциясы сунушталган.

Товарлар экспортунун жалпы көлөмүндө ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн жалпы үлүшү 30,0 пайызды түзгөн. Өлкөлөрдүн бул тобунда экспорттун товардык түзүмүн негизинен жеңил өнөр жай, айыл чарба продукциялары жана металлургия түзгөн, товарлар негизинен Россияга (69,9 пайыз) жана Казакстанга (28,3 пайыз) жөнөтүлгөн.

## 4-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ доллары)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | жыйынтыгында, пайыздарда 2024[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | **Бардыгы болуп** | **987,0** | **1 413,0** | **13,1** | **1 284,3** | **2 506,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Улуу Британия | 986,8 | 233,5 | 0,0 | 0,0 | 1 212,1 | 48,4 |
| | Швейцария | 0,0 | 51,5 | 0,0 | 1 088,2 | 1 163,7 | 46,4 |
| | Кытай, Гонконг АААсы | 0,0 | 21,3 | 12,0 | 115,5 | 129,4 | 5,2 |
| Металл кендери жана металл сыныктары | **Бардыгы болуп** | **203,9** | **324,2** | **246,3** | **320,3** | **299,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 124,5 | 144,0 | 102,1 | 158,5 | 117,4 | 39,2 |
| | Кытай | 17,6 | 30,1 | 35,8 | 52,4 | 68,8 | 23,0 |
| | Россия | 39,0 | 132,3 | 102,6 | 83,7 | 63,2 | 21,1 |
| Мунай заттары | **Бардыгы болуп** | **56,1** | **69,2** | **144,4** | **113,4** | **186,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 16,6 | 16,6 | 64,8 | 56,5 | 65,4 | 35,0 |
| | Афганистан | 0,2 | 0,4 | 0,7 | 0,3 | 43,9 | 23,5 |
| | Өзбекстан | 14,3 | 14,4 | 9,8 | 22,1 | 29,1 | 15,6 |
| | Кытай | 8,5 | 8,6 | 14,2 | 8,6 | 12,3 | 6,6 |
| Бут кийим | **Бардыгы болуп** | **3,9** | **7,2** | **64,6** | **43,1** | **154,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,6 | 5,6 | 60,6 | 36,9 | 149,9 | 97,1 |
| | Казакстан | 3,1 | 0,6 | 3,2 | 5,6 | 3,6 | 2,3 |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | **Бардыгы болуп** | **67,6** | **63,1** | **206,4** | **109,9** | **116,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 63,8 | 52,7 | 168,5 | 82,1 | 81,7 | 69,9 |
| | Казакстан | 2,8 | 9,5 | 35,9 | 24,8 | 33,7 | 28,8 |
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | **Бардыгы болуп** | **81,7** | **92,6** | **135,1** | **94,2** | **108,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 21,5 | 20,9 | 44,4 | 26,9 | 32,7 | 30,1 |
| | Түркия | 18,1 | 22,6 | 22,2 | 19,5 | 15,0 | 13,8 |
| | Өзбекстан | 4,7 | 4,6 | 8,1 | 6,3 | 11,2 | 10,3 |
| | Сербия | 5,5 | 8,7 | 9,3 | 9,9 | 9,8 | 9,0 |
| Пардалар жана үйдү жасалгалоо үчүн текстиль материалдарынан башка буюмдар | **Бардыгы болуп** | **0,0** | **0,0** | **0,1** | **0,1** | **107,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 107,5 | 100,0 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | **Бардыгы болуп** | **26,9** | **29,4** | **54,4** | **87,4** | **86,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 25,6 | 28,2 | 37,5 | 73,1 | 77,4 | 89,7 |
| | Кытай | 0,6 | 0,0 | 4,2 | 1,7 | 5,7 | 6,6 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | **Бардыгы болуп** | **29,5** | **41,4** | **44,0** | **49,8** | **60,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 14,5 | 22,6 | 26,2 | 20,9 | 24,9 | 41,1 |
| | Беларусь | 9,9 | 13,9 | 14,3 | 21,9 | 19,6 | 32,5 |
| | Бельгия | 3,8 | 2,2 | 2,1 | 4,2 | 12,9 | 21,4 |
| Трикотаж же согулган кездемелер | **Бардыгы болуп** | **0,3** | **0,9** | **54,3** | **28,9** | **59,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,2 | 0,1 | 52,4 | 28,5 | 58,3 | 97,9 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | **Бардыгы болуп** | **39,5** | **41,2** | **71,0** | **67,6** | **56,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 27,8 | 28,5 | 51,1 | 50,1 | 33,2 | 58,5 |
| | Өзбекстан | 3,0 | 2,2 | 2,3 | 3,8 | 4,6 | 8,0 |
| | Түркия | 1,8 | 2,6 | 3,2 | 0,6 | 4,5 | 8,0 |
| Тирүү мал | **Бардыгы болуп** | **21,1** | **11,4** | **69,0** | **54,3** | **48,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 13,3 | 4,0 | 64,8 | 52,1 | 48,4 | 98,9 |
| Товарларды ташуу же таңгактоо үчүн пластмассадан жасалган буюмдар | **Бардыгы болуп** | **26,6** | **30,0** | **24,3** | **30,9** | **46,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 21,3 | 25,2 | 20,3 | 23,1 | 44,1 | 94,0 |
| Жана башка таңгактоочу же ороочу машиналар | **Бардыгы болуп** | **0,0** | **0,0** | **27,8** | **58,4** | **41,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,0 | 0,0 | 27,8 | 57,7 | 41,7 | 99,9 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

МАЗМУНУ

2024-жыл ичинде СИФ баасында **товарлар импорту** 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 2,4 пайызга төмөндөө менен 12 214,0 млн АКШ долларын түзгөн.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча ЭСТК ири товарлар тобу – “машиналар жана транспорттук жабдуулар” импортунун суммардык наркы 8,0 пайызга, 6 071,2 млн АКШ долларына чейин кыскарган. Белгиленген топтун товардык түзүмүндө сунуштоо көлөмүнүн төмөндөөсү “жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары” (1 034,4 млн АКШ доллары) жана “электр линиялык телефондор же телеграф аппараттары” (52,8 млн АКШ доллары) статьялары боюнча байкалган.

Муну менен катар “өндүрүштүк техника үчүн жабдуунун бөлүктөрү” (218,2 млн АКШ долларына), “жыйноочу машиналардын жана жумурткаларды, жемиштерди, уруктарды, дандарды иргөө үчүн машиналардын тетиктери” (178,6 млн АКШ долларына), “топуракты, ташты, руданы сорттоо, электен өткөрүү, бөлүү үчүн машиналар” (114,9 млн АКШ долларына), “айыл чарба машиналарынын тетиктери” (96,7 млн АКШ долларына), “тигүү машиналары үчүн ийнелер; тигүү машиналары үчүн атайын конструкцияланган эмеректер, негиздер жана кутулар” (77,3 млн АКШ долларына)” статьялары боюнча гана импорт көлөмү олуттуу көбөйгөндүгү байкалган.

**5-таблица. “Машиналар жана транспорттук жабдуулар” тобу боюнча негизги товарлар***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **799,7** | **1 146,2** | **2 499,9** | **6 598,8** | **6 071,2** |
| Жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу | *миң даана* | 25,6 | 13,1 | 41,2 | 184,9 | 141,0 |
| үчүн каралган транспорттук каражаттар | *млн АКШ доллары* | 73,9 | 147,9 | 538,9 | 2 772,2 | 1 737,7 |
| Өндүрүштүк техника үчүн жабдуунун | *миң т* | 0,4 | 0,2 | 13,3 | 119,9 | 141,5 |
| бөлүктөрү | *млн АКШ доллары* | 0,7 | 0,6 | 105,8 | 1 025,7 | 1 243,9 |
| Оруп-жыйноо машиналарынын жана жумуртка, | *миң т* | 1,3 | 1,6 | 5,2 | 25,7 | 77,4 |
| жемиш, үрөн, данды иргөө машиналарынын тетиктери унаалардын тетиктери | *млн АКШ доллары* | 3,2 | 5,1 | 22,9 | 101,1 | 279,7 |
| Тигүүчү машиналар үчүн ийнелер; эмерек, | — | | | | | |
| унаалар жана эмеректер үчүн тетиктер | *млн АКШ доллары* | 1,1 | 44,8 | 202,0 | 175,2 | 252,5 |
| Электр линиялык телефон же телеграф | *млн даана* | 2,6 | 2,6 | 6,3 | 8,2 | 1,8 |
| аппараттары | *млн АКШ доллары* | 134,6 | 157,3 | 258,2 | 299,9 | 247,2 |
| Айыл-чарба унааларынын тетиктери | *миң т* | 1,2 | 2,1 | 5,9 | 28,1 | 59,2 |
| (721.1-топ) | *млн АКШ доллары* | 1,9 | 6,1 | 24,1 | 114,6 | 211,3 |
| Жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган | *миң даана* | 3,6 | 4,3 | 7,2 | 19,3 | 18,3 |
| автоунаалар | *млн АКШ доллары* | 62,5 | 71,2 | 65,5 | 180,2 | 200,9 |
| Иргөө, себүү үчүн жер, таш, кен майдалоого | миң даана | 11,6 | 11,1 | 17,2 | 30,5 | 51,8 |
| каралган унаалар жана алардын тетиктери | *млн АКШ доллары* | 45,2 | 38,8 | 77,4 | 48,7 | 163,7 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү | — | | | | | |
| буюмдар | *млн АКШ доллары* | 38,8 | 43,2 | 86,7 | 110,3 | 123,4 |
| Башка категорияларга кирбеген автоунаалар | *миң даана* | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 2,2 | 3,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 11,3 | 14,5 | 14,6 | 87,8 | 122,0 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 426,4 | 616,7 | 1 103,7 | 1 683,1 | 1 489,0 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

2024-жылы “материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары” тобундагы товарлардын импортунун көлөмү 6,4 пайызга кыскарды жана 1 802,3 млн АКШ долларын түздү. Олуттуу төмөндөө “трикотаж же токулган кездемелер” (336,9 млн АКШ долларына), “слесардык жабдуулар, сейфтер жана темирден жасалган майда-барат буюмдар” (136,0 млн АКШ долларына) сыяктуу статьялар боюнча катталган. “Чоюн жана болот” жана “жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер” статьялары боюнча импорттун, тиешелүүлүгүнө жараша 149,2 жана 134,1 млн АКШ долларына олуттуу өсүшү байкалган.

МАЗМУНУ

**6-таблица. “Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары”***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **879,2** | **1 207,9** | **2 668,2** | **1 926,2** | **1 802,3** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 361,6 | 340,8 | 929,3 | 584,1 | 814,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 255,8 | 246,8 | 331,6 | 383,0 | 532,1 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн кв. м* | 492,2 | 489,5 | 633,0 | 365,8 | 270,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 74,5 | 106,3 | 280,7 | 133,0 | 267,0 |
| Трикотаж же согулган кездемелер | *миң т* | 25,4 | 57,8 | 101,0 | 87,4 | 28,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 47,4 | 231,6 | 717,2 | 429,9 | 93,0 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн даана* | 1,2 | 2,1 | 2,5 | 2,8 | 2,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 45,4 | 43,4 | 81,7 | 63,8 | 64,6 |
| Слесардык жабдуулар, сейфтер жана темирден жасалган майда-барат буюмдар | *миң т* | 8,0 | 9,2 | 56,0 | 30,0 | 16,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 18,8 | 41,1 | 444,0 | 195,3 | 59,3 |
| Башка категорияда камтылбаган, кагаздан жана картондон жасалган буюмдар | *миң т* | 9,8 | 15,9 | 28,0 | 18,6 | 21,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 35,1 | 38,4 | 51,5 | 57,8 | 52,1 |
| Чоюндан же болоттон жасалган, башка категорияларда камтылбаган конструкциялар | *миң т* | 14,5 | 16,5 | 40,0 | 16,1 | 24,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 29,0 | 31,0 | 39,5 | 28,6 | 49,2 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 21,0 | 28,7 | 84,8 | 25,1 | 28,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 25,5 | 38,6 | 45,2 | 39,6 | 42,6 |
| Пардалар жана үйдү жасалгалоо үчүн текстиль материалдарынан башка буюмдар | *млн т* | 0,0 | 0,6 | 0,4 | 27,1 | 55,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,1 | 1,0 | 1,0 | 20,4 | 41,2 |
| Алюминий | *миң т* | 5,5 | 6,8 | 6,2 | 9,6 | 10,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 15,7 | 22,7 | 26,7 | 32,8 | 36,6 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 331,8 | 407,1 | 648,9 | 542,0 | 564,6 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

2024-жылы “минерал отуну, майлоочу майлар жана ушул сыяктуу материалдар” бөлүгү боюнча товардык позициялар импорту 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 38,6 пайызга көбөйгөн жана 1 397,5 млн АКШ долларын түзгөн. Бул топтун импортунун товардык түзүмүндө көрүнүктүү үлүштү мунайзаттар ээлешкен, алардын келип түшүүсү 37,0 пайызга өскөн жана 1 078,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Аталган мезгилде дизель отунун (170,2 млн АКШ долларына), мазутту (63,8 млн АКШ долларына), автомобиль бензинин (39,8 млн АКШ долларына) жана авиакеросинди (29,1 млн АКШ долларына) берүү өскөн.

**7-таблица. Мунай заттардын импорту***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | жыйынтыгында, пайыздарда 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **1 451,1** | **1 622,1** | **1 551,0** | **1 392,2** | **1 988,9** | **100,0** |
| | ***млн АКШ доллары*** | **458,2** | **759,8** | **893,5** | **787,5** | **1 078,6** | **100,0** |
| Дизель отуну | *миң т* | 533,0 | 536,3 | 490,6 | 417,0 | 635,3 | 31,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 210,3 | 278,3 | 352,6 | 272,3 | 442,5 | 41,0 |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 730,7 | 939,8 | 778,8 | 684,6 | 757,7 | 38,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 172,6 | 388,0 | 352,4 | 287,7 | 327,4 | 30,4 |
| Авиакеросин | *миң т* | 63,3 | 68,6 | 100,8 | 92,0 | 145,8 | 7,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 24,2 | 31,5 | 94,9 | 91,8 | 120,9 | 11,2 |
| Майлоочу материалдар | *миң т* | 19,0 | 22,8 | 46,2 | 26,3 | 27,3 | 1,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 26,9 | 38,5 | 53,9 | 61,1 | 54,8 | 5,1 |
| Мазут | *миң т* | 76,1 | 0,6 | 0,4 | 4,8 | 176,3 | 8,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 16,9 | 0,4 | 0,1 | 2,7 | 66,5 | 6,2 |
| Жана башка мунай заттар | *миң т* | 27,7 | 52,3 | 131,5 | 159,7 | 246,1 | 12,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 6,9 | 22,7 | 36,7 | 68,6 | 66,2 | 6,1 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 1,3 | 1,8 | 2,7 | 7,8 | 0,5 | 0,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,4 | 0,3 | 2,8 | 3,4 | 0,2 | 0,0 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

Отчёттук мезгил ичинде “ар кандай даяр буюмдар” товарлар тобунун импорту 11,5 пайызга төмөндөп, 766,7 млн АКШ долларын түзгөн. Нарктын төмөндөшү олуттуу өлчөмдө “бут кийим” жана “кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар” статьялары боюнча импорттун кыскарышынан келип чыккан, алардын нарктык көлөмү тийиштүү түрдө 135,7 жана 20,8 млн АКШ долларына кыскарган. Ошол эле учурда импорттук келип түшүүлөрдүн өсүшү “ымыркайлар үчүн коляскалар, оюнчуктар жана спорт товарлары” (10,6 млн АКШ долларына) жана “чийүү үчүн инструменттер” (7,8 млн АКШ долларына) статьялары боюнча белгиленген.

2024-жылы электр тогунун импорту 2023-жылга салыштырмалуу 2,1 эсеге көбөйүп, 154,4 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми жаратылыш газы 88,3 млн АКШ доллары деңгээлинде түптөлүү менен 34,2 пайызга өскөн. Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө кофе, чай, какао, татымал жана алардан жасалган азыктардын (31,0 млн АКШ долларына), эт жана эт азыктарынын (21,3 млн АКШ долларына), жемиштердин жана жаңгактардын (19,5 млн АКШ долларына) импортунун өсүшү белгиленген; ошону менен бирге “кант, патока жана бал” товардык тобу боюнча түшүүлөр 10,8 млн АКШ долларына азайган.

МАЗМУНУ

**8-таблица. “Ар түрдүү даяр буюмдар” тобу боюнча негизги товарлар***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **333,3** | **765,6** | **1 487,2** | **866,3** | **766,7** |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 97,4 | 373,0 | 466,4 | 198,3 | 177,4 |
| Бут кийим | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 61,4 | 150,3 | 539,7 | 286,5 | 150,8 |
| Пластмассадан жасалган товарларды ташуу же таңгактоо үчүн буюмдар | *миң т* | 22,2 | 39,7 | 150,2 | 48,4 | 65,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 21,4 | 29,5 | 51,5 | 36,4 | 42,5 |
| Чийүү үчүн инструменттер | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 1,2 | 2,4 | 4,9 | 32,4 | 40,2 |
| Ымыркайлар үчүн коляскалар, оюнчуктар жана спорт товарлары | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 8,3 | 11,4 | 29,6 | 20,8 | 31,4 |
| Башка категорияда камтылбаган, пластмассадан жасалган буюмдар | *миң т* | 3,8 | 7,8 | 14,1 | 6,3 | 3,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 10,3 | 16,4 | 39,2 | 20,5 | 18,4 |
| Пластмассадан жасалган курулуш буюмдары | *миң т* | 7,0 | 7,1 | 7,7 | 9,3 | 12,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 9,9 | 10,9 | 14,2 | 16,8 | 18,0 |
| Жана башка медициналык инструменттер жана аспаптар | *млн даана* | 26,9 | 19,2 | 28,7 | 29,4 | 28,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 10,0 | 10,6 | 14,4 | 18,8 | 17,7 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 113,3 | 161,1 | 327,3 | 235,8 | 270,3 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

**Товарлар импортун географиялык бөлүштүрүүдө** ЕАЭБ өлкөлөрүнөн түшүүлөрдүн үлүшү отчёттук мезгилде импорттун жалпы көлөмүндө 28,8 пайызды түзгөн. ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттун товардык түзүмүндө салмактуу бөлүгүн Россиядан жана Казакстандан келген отун-энергетикалык товарлар ээлеген. Энергия продукцияларынан тышкары, аталган өлкөлөрдөн бир катар керектөө жана инвестициялык багыттагы товарлар да импорттолот.

2024-жылдын жыйынтыктары боюнча импорттун жалпы көлөмүндө ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы 71,2 пайызды түзгөн, бул белгиленген өлкөлөр тобунан келип түшүүчү керектөө, аралык жана инвестициялык товарларга суроо-талаптын олуттуу көлөмүнүн сакталып калышы менен түшүндүрүлөт. Кытай, мурдагыдай эле, ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн келип түшүүлөрдүн 62,7 пайызын камсыз кылуу менен импорт боюнча алдыңкы орунду ээлеген. Ошондой эле Өзбекстанды, Кореяны жана Түркияны да белгилей кетүү керек, алардын үлүшүнө 2024-жылы ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн импорттун 15,0 пайызы туура келген.

## 9-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ доллары)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | жыйынтыгында, пайыздарда 2024[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **201,8** | **296,9** | **731,7** | **3 199,9** | **2 273,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 23,4 | 57,4 | 136,9 | 1 433,4 | 1 234,5 | 54,3 |
| | Корея Республикасы | 24,5 | 22,6 | 92,1 | 468,0 | 333,1 | 14,7 |
| | АКШ | 45,8 | 38,1 | 83,8 | 259,7 | 143,1 | 6,3 |
| | Германия | 6,9 | 5,6 | 72,3 | 283,3 | 114,1 | 5,0 |
| | Япония | 3,6 | 5,2 | 47,8 | 213,7 | 82,9 | 3,6 |
| **Өндүрүштүк техника үчүн жабдуунун бөлүктөрү** | **Бардыгы болуп** | **0,7** | **0,6** | **105,8** | **1 025,7** | **1 243,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 0,4 | 0,3 | 104,6 | 1 024,0 | 1 243,2 | 99,9 |
| **Мунай заттары** | **Бардыгы болуп** | **458,2** | **759,8** | **893,5** | **787,5** | **1 078,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 371,4 | 707,1 | 821,0 | 677,7 | 886,7 | 82,2 |
| | Казакстан | 66,5 | 26,9 | 29,3 | 61,8 | 147,5 | 13,7 |
| **Чоюн жана болот** | **Бардыгы болуп** | **255,8** | **246,8** | **331,6** | **383,0** | **532,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 205,9 | 179,6 | 252,7 | 291,4 | 409,6 | 77,0 |
| | Казакстан | 32,0 | 40,3 | 48,2 | 54,4 | 61,4 | 11,5 |
| | Кытай | 14,4 | 20,7 | 19,1 | 25,9 | 50,3 | 9,5 |
| **Оруп-жыйноо машиналарынын жана жумуртка, жемиш, үрөн, данды иргөө машиналарынын тетиктери** | **Бардыгы болуп** | **3,2** | **5,1** | **22,9** | **101,1** | **279,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 2,3 | 4,5 | 21,8 | 100,1 | 279,0 | 99,8 |
| **Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **74,5** | **106,3** | **280,7** | **133,0** | **267,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 71,6 | 98,2 | 275,6 | 103,9 | 239,6 | 89,7 |
| | БАЭ | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,5 | 16,7 | 6,2 |
| **Тигүүчү машиналар үчүн ийнелер; эмерек, унаалар жана эмеректер үчүн тетиктер** | **Бардыгы болуп** | **1,1** | **44,8** | **202,0** | **175,2** | **252,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 1,0 | 44,7 | 201,1 | 172,9 | 240,0 | 95,0 |
| **Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары** | **Бардыгы болуп** | **134,6** | **157,3** | **258,2** | **299,9** | **247,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 121,3 | 112,2 | 186,3 | 184,9 | 129,6 | 52,4 |
| | Вьетнам | 1,8 | 24,4 | 26,7 | 71,2 | 62,5 | 25,3 |
| | Индия | 0,4 | 4,3 | 26,9 | 18,7 | 30,2 | 12,2 |
| **Медикаменттер (ветеринардык медикаменттерди кошо алганда)** | **Бардыгы болуп** | **185,7** | **169,0** | **204,9** | **206,7** | **221,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Индия | 27,8 | 22,6 | 23,6 | 32,8 | 34,2 | 15,5 |
| | Россия | 31,4 | 26,6 | 36,9 | 23,9 | 31,9 | 14,4 |
| | Түркия | 15,9 | 14,7 | 23,9 | 23,8 | 23,7 | 10,7 |
| | Германия | 11,0 | 11,4 | 11,1 | 14,4 | 14,8 | 6,7 |
| | Казакстан | 3,6 | 7,4 | 10,1 | 10,2 | 13,3 | 6,0 |
| **Айыл-чарба унааларынын тетиктери (721.1-топ)** | **Бардыгы болуп** | **1,9** | **6,1** | **24,1** | **114,6** | **211,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 1,6 | 5,6 | 23,5 | 113,6 | 210,6 | 99,7 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **97,4** | **373,0** | **466,4** | **198,3** | **177,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 47,9 | 250,7 | 259,5 | 42,2 | 70,6 | 39,8 |
| | Түркия | 23,1 | 72,4 | 130,8 | 86,0 | 47,1 | 26,5 |
| | Өзбекстан | 14,1 | 35,7 | 49,8 | 41,0 | 24,0 | 13,5 |
| **Иргөө, себүү үчүн жер, таш, кен майдалоого каралган унаалар жана алардын тетиктери** | **Бардыгы болуп** | **45,2** | **38,8** | **77,4** | **48,7** | **163,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 10,1 | 27,3 | 25,2 | 35,8 | 133,6 | 81,7 |
| | Италия | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 15,4 | 9,4 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **54,3** | **92,9** | **91,7** | **138,2** | **157,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 10,0 | 18,3 | 27,6 | 70,2 | 71,1 | 45,1 |
| | Өзбекстан | 21,5 | 28,8 | 26,4 | 27,0 | 39,4 | 25,0 |
| | Эквадор | 7,2 | 11,5 | 13,5 | 14,7 | 23,0 | 14,6 |
| **Эфир майлары, жуугуч каражаттар** | **Бардыгы болуп** | **73,7** | **93,5** | **136,6** | **150,0** | **155,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 34,8 | 40,4 | 49,1 | 49,5 | 49,4 | 31,9 |
| | Франция | 7,5 | 7,0 | 10,2 | 12,9 | 13,6 | 8,7 |
| | Түркия | 2,4 | 3,7 | 10,6 | 10,5 | 13,4 | 8,6 |
| | Корея Республикасы | 3,4 | 5,3 | 8,6 | 14,6 | 12,2 | 7,9 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **61,4** | **150,3** | **539,7** | **286,5** | **150,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 49,1 | 130,0 | 498,1 | 247,7 | 99,4 | 65,9 |
| | Түркия | 6,7 | 10,9 | 29,6 | 28,0 | 37,3 | 24,7 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде.

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосунун кыскарышы кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту менен импортунун ортосундагы сакталып жаткан ажырымдын кыскарышы менен шартталган.*

**3-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын** сальдосу отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча 110,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул 2023-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 83,1 эсеге төмөн. Кызмат көрсөтүүлөр экспорту 55,2 пайызга өсүү менен, 3 317,6 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми кызмат көрсөтүүлөр импорту 22,9 пайызга өсүп, 3 427,9 млн АКШ долларына чейин жогорулаган.

Отчёттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жана импортунун аныктоочу статьялары катары мурдагыдай эле "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр", "жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр, маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр" жана "кыдыруулар" статьялары катталган, жалпысынан алганда бул статьяларга эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү көлөмүнүн 74,3 пайызы туура келген.

Мурдагыдай эле транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн сальдосу терс мааниде түптөлүп, 2023-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчүнө салыштырганда 20,6 пайызга кыскарып, натыйжада 654,4 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай төмөндөө транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспортунун аларды импорттоо көлөмүнө караганда кыйла өскөндүгү менен шартталган: экспорт көбүнчө темир жол жана автоунаа транспорту кызматтарынын эсебинен 204,7 млн АКШ долларына же 52,7 пайызга өскөн, ал эми импорт негизинен темир жол жана автоунаа транспорту кызматтарынын эсебинен 34,5 млн АКШ долларына же 2,8 пайызга өскөн.

"Жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр, маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр" статьясынын сальдосу оң мааниде түптөлүп, 97,2 млн АКШ долларын түзгөн (2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 235,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдого салыштырмалуу). Профициттин түптөлүшүнө негизги салым "маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү башка кызмат көрсөтүүлөр" статьясы боюнча алынган кызмат көрсөтүүлөргө караганда көрсөтүлгөн кызматтардын басымдуулугу менен камсыз болгон. Алсак, экспорт 2,2 эсеге өсүп, 859,3 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми импорт бир аз өлчөмдө – 22,4 пайызга, 762,2 млн АКШ долларына чейин өскөн, бул өлкөнүн маданият жана эс алуу тармагындагы тышкы экономикалык позициялардын акырындык менен чыңдалышынан улам түзүмдүк жылыштарды тастыктайт.

"Кыдыруулар" статьясынын балансы 380,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2023-жылдын акырына карата белгиленген көрсөткүчтөн 22,7 пайызга төмөн. Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасына кыдырууларына байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмү (кыдыруулар экспорту) отчёттук мезгилде 5,9 пайызга төмөндөп, 963,7 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай төмөндөө жакынкы чет мамлекеттерден келген туристтердин саны кыйла кыскаргандыгына байланыштуу келип чыккан. Чет мамлекеттерде жүргөн резиденттерге көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү (кыдыруулар импорту) 9,6 пайызга өсүп, 583,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.



МАЗМУНУ

## БАШТАПКЫ КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

*2024-жылы “баштапкы кирешелер” статьясынын динамикасы резидент эместерге инвестициялык кирешелер боюнча төлөө көлөмүнүн олуттуу өсүшүнүн таасири астында калыптанган.*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча **“баштапкы кирешелер”** статьясынын сальдосу 591,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул 2023-жылдын салыштырмалуу көрсөткүчүнөн 3,0 эсеге жогору. Мындай динамика, баарынан мурда, резидент компаниялардын чет өлкөлүк инвесторлорго инвестициялык кирешелер боюнча төлөөлөрүнүн 2,6 эсеге (708,1 млн АКШ долларына чейин) өсүшү менен шартталган. Резиденттердин алуусуна чегерилген дивиденддердин көлөмү 44,9 пайызга өсүп, 123,9 млн АКШ долларын түзгөн. Мында тике инвестициялар боюнча инвестициялык кирешелердин сальдосу 2023-жылдагы деңгээлге караганда 3,8 эсе өсүп (көрсөтүлгөн баланстын түзүмүндө тике инвестициялар боюнча дивиденддердин жок болгондугуна байланыштуу), 561,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

Мамлекеттик жана жеке секторлордун башка инвестициялар боюнча капиталды жайгаштыруудан кирешелерди төлөө үчүн чегерилген пайыздардын көлөмү 146,7 млн АКШ долларын (көбөйүү 23,1 млн АКШ доллары, же 18,7 пайыз), башка инвестициялар боюнча киреше 123,9 млн АКШ долларын түзгөн (өсүш 38,4 млн АКШ доллары, же 44,9 пайыз). Жыйынтыгында, “башка инвестициялар” статьясы боюнча түшүүлөрдүн таза көлөмү 2023-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 40,3 пайызга төмөндөп, 22,7 млн АКШ долларын түзгөн.

“Эмгек акы төлөө” статьясынын сальдосу 7,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлүп, резидент эместердин Кыргыз Республикасында иштөөсүнүн натыйжасында алган кирешесинин чогуу алгандагы көлөмү бир аз өсүп, 5,6 пайызга жогорулаган.

## ЭКИНЧИЛИК КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

*Жеке сектордун трансферттеринин таза агылып кирүүсүнүн өсүшү “экинчилик кирешелер” статьясына аныктоочу таасирин тийгизген.*

2024-жылы **экинчилик кирешелер** балансы оң мааниде түптөлүү менен 2 772,3 млн АКШ долларын түзүп, жеке сектордун (финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана ҮЧТКЭУ) трансферттеринин түшүү көлөмүнүн 19,3 пайызга, 2 750,3 млн АКШ долларына чейин өсүшү эсебинен 20,0 пайызга көбөйгөн.

Жеке трансферттер балансынын түзүмүндө, мурдагыдай эле, түшүүлөрдүн дээрлик бардык көлөмү “иштеп жаткандардын акчалай которуулары” статьясы боюнча акча каражаттарынын эсебинен камсыздалган (99,8 пайыз же 2 744,5 млн АКШ доллары, бул 2023-жылдагы салыштыруу үчүн көрсөткүчтөн 19,7 пайызга жогору).

**10-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 2 136,1 | 2 433,6 | 2 047,4 | 2 293,0 | 2 744,5 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 2 630,6 | 3 011,8 | 3 266,6 | 2 863,0 | 3 197,2 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалары боюнча түшүүлөр* | *2 377,2* | *2 756,2* | *2 928,2* | *1 955,6* | *2 343,2* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери*[1] | *45,0* | *35,4* | *164,6* | *756,2* | *653,8* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *0,6* | *0,9* | *1,1* | *0,7* | *0,1* |
| *Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрү*[2] | *207,8* | *219,3* | *172,8* | *150,5* | *200,1* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -494,5 | -578,3 | -1 219,2 | -570,0 | -452,8 |

* Кошумча баа берүүлөрдү эске алганда, Улуттук банктын маалыматтары боюнча

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган өлчөмдөгү которуулар эске алынган; 2020-жылдан тартып телефон номери боюнча которуулар да эске алынган.

[2] Мигранттардын нак формада алынып келинген которууларынын бөлүгүн кошумча эсептөө үчүн 10% өлчөмүндө кошумча баа берүү коэффициенти колдонулат (2019-жылдын I чейрегинен тартып 2020-жылдын I чейрегин кошо алгандагы мезгилде – 15,5%).

**4-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Финансылык эсептин жалпы сальдосу** таза кредиттөө/таза карыз деп аталат. Таза кредиттөө, экономика таза туюндурулушунда дүйнөнүн калган бөлүгүнө чет өлкөлүк финансылык активдерди сатып алуу жана/же тышкы милдеттенмелердин ордун жабуу түрүндө каражаттарды берүүнү билдирет. Таза карыз алышуу чет өлкөлүк финансылык активдердин таза чыгарылышынын (азайтылышынын) жана/же резидент эместердин тышкы милдеттенмелери болуп саналган инвестициялардын таза кабыл алынышынын суммасын чагылдырат. Финансылык эсепте активдер жана милдеттенмелер функционалдык белгилери боюнча негизги компоненттер боюнча классификацияланат: тике, портфелдик жана башка инвестициялар, туунду финансылык инструменттер, резервдик активдер.

**Тике инвестициялар** – бул бир өлкөнүн резиденти башка өлкөнүн резиденти болуп саналган ишкананы башкарууга контролдукту жүзөгө ашырган же олуттуу деңгээлде таасирин тийгизген чек ара аркылуу өтүүчү инвестициялардын категориясы (ага тике инвестициялык ишкананы башкарууда добуш берүү укугунун 10 жана андан көп пайызын камсыз кылган капиталда катышуу үлүшүнүн инструменттерине ээ).

Капиталдык салымдардын багыты боюнча тике инвестициялар чет өлкөгө жана Кыргыз Республикасындагы инвестицияларга классификацияланат.

Чет өлкөгө тике инвестициялар Кыргыз Республикасынын резиденттери – тике инвесторлор менен алардын тике инвестициялык ишканаларынын ортосундагы активдерди жана милдеттенмелерди камтыйт; ал эми Кыргыз Республикасына тике инвестициялар тике инвестициялык ишканалардын – Кыргыз Республикасынын резиденттери менен алардын тике инвесторлорунун ортосундагы бардык милдеттенмелерди жана активдерди камтыйт.

Финансылык инструменттин түрлөрү боюнча тике инвестициялык операциялар капиталда үлүштүк катышуу инструменттерине жана инвестициялык фонддордогу үлүшкө (кирешелерди кайра инвестициялоону кошо алганда) жана карыздык инструменттерге бөлүнөт.

Улуттук банк тике инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук статистика комитетинен, ошондой эле айрым ири биргелешкен ишканалардан түздөн-түз алат. 2015-жыл үчүн төлөм теңдеминин жылдык чыгарылышынан тартып (2011-ж. кайра кароо) Улуттук статистика комитетинин өлкөгө жана чет өлкөлөргө тике чет өлкөлүк инвестициялар боюнча маалыматтары Улуттук банк тарабынан кошумча бааланат.

**Портфелдик инвестиция** тике инвестицияларга же резервдик активдерге киргендерден башка, карыздык же үлүштүк баалуу кагаздар менен байланышкан чек ара аркылуу өтүүчү операциялар жана калдыктар катары аныкталат. Улуттук банк портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтарды ички булактардан, Улуттук статистика комитетинен, коммерциялык банктардан, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынан, ири биргелешкен ишканалардан алат.

**Туунду финансылык инструменттер** – башка өзгөчө инструменттерге, көрсөткүчтөргө же биржа товарлары менен байланышкан жана алар аркылуу өзгөчө финансылык тобокелдиктер негизги инструментке карабай финансылык рыноктордо кайра сатыла турган финансылык инструменттер. Төлөм теңдеминде бул категория опциондор жана форварддык келишимдер менен операцияларга бөлүнөт. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминде финансылык деривативдер коммерциялык банктардын туунду каражаттары менен көрсөтүлөт.

**Башка инвестицияларга** тике жана портфелдик инвестициялар, туунду финансылык инструменттер жана резервдик активдер катары классификацияланган операциялардан башка операциялар кирет. Башка инвестицияларга капиталда катышуунун башка инструменттери кирет; накталай валюта жана депозиттер; кредиттер жана зайымдар; өмүрдү камсыздандыруу

менен байланышпаган камсыздандыруучу техникалык резервдер, өмүрдү камсыздандыруу жана аннуитеттер боюнча төлөөгө укуктар, жана пенсиялык төлөөлөргө укуктар жана стандарттык кепилдиктер боюнча талаптарды жабууга резервдер; соода кредиттери жана аванстар; башка дебитордук/кредитордук карыз.

Капиталда катышуунун башка инструменттери, эгерде алар тике инвестициялар же резервдик активдер болуп саналбаса, башка инвестициялар катары классификацияланат. Капиталда катышуунун башка инструменттери баалуу кагаздар түрүнө ээ эмес, ошондуктан алар портфелдик инвестицияларга кирбейт.

Накталай валюта белгиленген номиналдагы жана борбордук банктар же өкмөттөр тарабынан чыгарылган же чыгарууга уруксат берилген банкноттордон жана монеталардан турат.

Кредиттер жана зайымдар кредитор карыз алуучуга түздөн-түз акча каражаттарын бергенде жана  далили катары жүгүртүлбөй турган документтерди алган учурда түзүлгөн финансылык активдерди билдирет.

Соода кредиттери жана аванстар өз кардарларына товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар тарабынан түздөн-түз берилген кредитти, бүтпөгөн (же бүтүрө турган) иштер үчүн аванстарды жана дагы эле көрсөтүлө элек товарлар жана кызматтар үчүн кардарлардын алдын ала төлөмдөрүн камтыйт.

Башка дебитордук/кредитордук карызга соода кредиттери жана аванстар же башка инструменттер катары саналбаган дебитордук же кредитордук карыз кирет. Ал салыктар, баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу боюнча милдеттенмелерди, баалуу кагаздарды карызга берилгендигине төлөмдү, алтын түрүндө кредит үчүн төлөмдү, эмгек акыларды, дивиденддерди жана чегерилген, бирок төлөнө элек социалдык керектөөгө төгүмдөрдү/чегерүүлөрдү камтыйт. Категорияда бул статьялар боюнча алдын ала төлөмдөрдү  камтыйт.

Коммерциялык банктар Улуттук банкка чет өлкө активдери/милдеттенмелер боюнча маалыматтарды өздөрүнүн отчётторунун жыйынтыгы боюнча жөнөтөт. Министрлер Кабинети же анын гарантиясы астында алынган чет өлкө кредиттери, ошондой эле аларды тейлөө боюнча маалыматтарды Улуттук банкка Финансы министрлиги, ишканалар жана ички булактар берет. Улуттук банк тейлеген кредиттер боюнча маалыматтар ички булактардан келип түшөт. Мамлекеттик эмес кредиттер боюнча маалыматтарды Улуттук статистика комитети кредит алган ишканалардын отчётторунун негизинде берет. Резидент ишканалардын кредитордук жана дебитордук карыздары (соода кредити) жана ишканалардын чет өлкөлөрдөгү эсептери боюнча маалыматтарды Улуттук банк бул маалыматтарды ишканалардан чогулткан Улуттук статистика комитетинен алат. Кыргыз Республикасынын эл аралык финансы институттарынын фонддоруна кошкон салымынан турган башка активдер боюнча маалыматтар Улуттук банктын ички булактарынан жана Финансы министрлигинен алынат.

**Резервдик активдер** – бул Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тышкы активдери, алар төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо, валютанын алмашуу курсуна таасир этүү үчүн валюта рынокторунда интервенцияларды жүргүзүү жана башка тиешелүү максаттар үчүн колдонулат. Төлөм теңдеминде резервдик активдердин өзгөрүүлөрү чагылдырылат, алар монетардык алтын менен операцияларга (Улуттук банк менен чет өлкөлүк акча-кредиттик жөнгө салуу органдарынын жана/же эл аралык уюмдардын ортосундагы гана операциялар), АКУ (атайын карыз алышуу укугу), эркин конвертацияланган валютадагы активдер, ликвиддүү чет өлкө баалуу кагаздары жана башка ликвиддүү чет өлкө активдерине байланыштуу болгон. Резервдик активдер жана ЭВФтин кредиттери, ошондой эле Улуттук банктын башка активдери жана милдеттенмелери боюнча төлөм теңдеминде чагылдырылган маалыматтар Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматка негизделген. 2015-жыл үчүн төлөм теңдеминин жылдык (2011-жылдан бери кайра каралган) чыгарылышынан тартып Улуттук банктын эл аралык резервдери боюнча маалыматтар ЭВФ методологиясына ылайык жаңыртылган, ага ылайык эл аралык резервдик активдерге конвертациялануучу валютадагы активдер гана киргизилген. Башка валютадагы активдер “башка инвестициялар” статьясы боюнча башка активдер катары чагылдырылган.

МАЗМУНУ

"Кыргыз Республикасынын 2018-жылдагы төлөм теңдеми" жылдык басылмасынан баштап ЭВФтин методологиясына ылайык, Кыргыз Республикасынын резиденттеринин резервдик активдеринин курамына киргизүү үчүн алтынды куймаларда сатып алуу операциялары резервдик активдерден алынып салынган.

**4. Төлөм теңдемин берүү формалары**

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми нейтралдуу жана аналитикалык формаларда түзүлөт. **Нейтралдуу берүү формасы** (I тиркеме, I.1-таблица) төлөм теңдеминин бардык статьялары кредит жана дебет боюнча өзүнчө эки мамычада чагылдырылгандыгы менен мүнөздөлөт, мында кредит боюнча өткөрүүлөрдүн суммасы таза каталарды жана калтырып кетүүлөрдү эске алуу менен дебет боюнча өткөрүүлөрдүн суммасына барабар же сальдо түрүндө чагылдырылат. Нейтралдуу берүү формасында төлөм теңдеминин жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот.

**Аналитикалык формада** (11-таблица) бардык статьялар сальдо түрүндө берилет. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу белгилүү бир өлкөнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталуучу айрым статьялардын суммасы катары түзүлөт. Бул статьялар көз карандысыз жүзөгө ашырылган (башкача айтканда өз максаттарына жооп берген) жана төлөм теңдеминин жыйынтык сальдосунун өлчөмү көз каранды болгон операцияларды чагылдырууга тийиш. Бул статьялар "чектин үстүндө" статьялары деп аталат. "Чектин астында" статьяларында эсепке алынган калган бардык операциялар төлөм теңдеминин сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар мажбурланган, көз каранды жана Улуттук банктын жана Министрлер Кабинетинин жөнгө салуучу иш-аракеттерине байланыштуу болот. Ошентип, төлөм теңдеминин сальдосу субъективдүү пикирлердин элементин камтыйт, бирок ошентсе да төлөм теңдеминин сальдосун өлчөөгө жана аны каржылоо зарылдыгын аныктоого мүмкүндүк берет.

МАЗМУНУ

## II.2-таблица. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүүдө пайдаланган маалымат булактары

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча товарлар экспорту/импорту | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Монетардык эмес алтын | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК | |
| Башка категорияларга кирбеген ремонт жана техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Кыдыруулар | УСК, КБ | республикага (республикадан) кирген (чыккан) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн методикага ылайык баа берүү |
| Курулуш | КБ | |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөө | КБ | |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| анын ичинде, техникалык жардам | ЭВФ, Финансы министрлиги | баа берүү маалыматтары |
| Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Башка категорияларга кирбеген мамлекеттик товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө чыгашалар боюнча маалыматтар; Кыргыз Республикасындагы чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалымат |
| **Баштапкы кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөө | УСК, КБ, Ишканалар | |
| Инвестициялык кирешелер | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчёттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет мамлекеттердин ишканаларынан топтолгон тике инвестициялар боюнча кирешелер жөнүндө маалымат |
| Портфелдик инвестициялар | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар | ФМ, Улуттук банк, УСК, КБ | |

## II.2-таблица. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Экинчилик кирешелер** | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Жеке трансферттер (резидент-үй чарбалары менен резидент эмес-үй чарбалары ортосунда күндөлүк трансферттер) | | |
| *анын ичинде иштеп жаткандардын акча которуулары* | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Башка күндөлүк трансферттер | УСК, КБ | |
| **Капитал менен операциялар эсеби** | | |
| Капиталдык трансферттер | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ЭВФ, ФМ, УСК | товарлар түрүндө гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Карызды кечүүгө байланыштуу трансферттер | Ишканалар, Финансы министрлиги | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | УСК | |
| **Финансылык эсеп** | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | | |
| Инвестициялык фонддордун капиталында жана пайларында/активдеринде катышуу | УСК, КБ | |
| Карыздык инструменттер | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Капиталда катышуу жана инвестициялык фонддордун пайлары/акциялары | УСК, КБ | |
| Портфелдик инвестициялар | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | КБ | |
| Туунду финансылык инструменттер (резервдерден тышкары) жана кызматкерлер үчүн акцияларга опциондор | КБ | |
| Башка инвестициялар | УСК | |
| Нак валюта жана депозиттер | | |
| Борбордук банк | КБ | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Ссудалар жана карыздык каражаттар | | |
| Финансылык активдерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банкты эске албаганда | КБ | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банктык статистика маалыматтары |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери жана авансттар | УСК | |
| Башка дебитордук/кредиттик карыз | ФМ, КБ, УСК | |
| Атайын карыз алышуу укугу (милдеттенмелерди таза кабыл алуу) | ФМ, Улуттук банк | |
| Резервдик активдер | Улуттук банк | |



МАЗМУНУ

# III тиркеме. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарын эсептөө методикасы

Номиналдуу алмашуу курстарынын салмактанган орточо маанисин түшүндүргөн, кароого алынган өлкөдөгү баалардын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү бааларга карата катышы боюнча өзгөрүү тенденциясы эске алынган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** (НЭАК – NEER, nominal effective exchange rate) деп аталат.

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу белгилүү бир өлкөдөгү алмашуу курсу анын соода боюнча өнөктөштөрүнүн курстарын базалык мезгилге карата салыштырганда канчалык өзгөргөндүгүн аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок номиналдуу эффективдүү курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү же белгилүү бир мезгил ичинде өлкөдө өндүрүлгөн жана экспорттук потенциалга ээ товарлардын атаандашууга жөндөмдүүлүгү канчалык деңгээлде өзгөргөндүгүн көрсөтпөйт. Канча бир убакыт ичинде белгилүү бир валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөргөндүгүн аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу (РЭАК – REER, real effective exchange rate) эсептелет.

Чоңдукка жараша корректировкаланган, соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө баалардын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө туура келген номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөнүн валютасынын анын соода боюнча алдынкы өнөктөштөрүнүн валюталарына карата катышы боюнча салмактанган реалдуу алмашуу курстарын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде белгилүү бир өлкөнүн валютасынын курсу жогору инфляция деңгээлине ээ коңшу өлкөнүн валютасына карата жогоруласа жана ошол эле учурда төмөн инфляция деңгээлине ээ башка өнөктөш өлкөнүн валютасына карата төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу улуттук валютанын курсун ошол өзгөрүүлөрдүн орточо чоңдугу катары көрсөтөт.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстерин эсептөө боюнча кыйла кеңири жайылган формула катары базалыкка карата белгилүү бир мезгил аралыгында тиешелүү эки тараптуу алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнүн салмактанган орточо чоңдугун чыгаруу формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курстарынын индекстерин эсептөө үчүн өлкөнүн тышкы соодасында өлкөлөрдүн салыштырма салмактары аныкталат. Салмактар тигил же бул валютанын белгилүү бир өлкө үчүн салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Салмак катары эки тараптуу соода жүргүзүү үлүшүн колдонуу менен эффективдүү алмашуу курстары эсептелет (ошондой эле экспорттун же импорттун же алардын суммардык орточо көрсөткүчтүн үлүшүн да алса болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө учурунда экспорттун жана импорттун суммардык орточо көрсөткүчү колдонулат. Салмактар төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында Wi – өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү i өлкөнүн салмагы, $\sum_{i=1}^{n} W_i = 1.$

Mi – Кыргыз Республикасынын i өлкөсүнүн импорту,

Xi – Кыргыз Республикасынын i өлкөсүнө экспорту,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ – Кыргыз Республикасынан соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөргө экспорттун жалпы көлөмү,

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ – Кыргыз Республикасына соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн импорттун жалпы көлөмү,

n – кароого тандалып алынган өлкөгө кирген өлкөлөрдүн саны.

Соода боюнча өнөктөштөр катары Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы соода көлөмүндө көбүрөөк салыштырма салмакты ээлеген өлкөлөр кароого алынат, мында тандалган өлкөлөр тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын ээлейт. Тандалманын ичинен алар менен соода салыштырма артыкчылык принциптери боюнча жүзөгө ашырылбаган айрым экспорттук жана импорттук товарлар алынып салынат (аларга алтын, жаратылыш газы, электр энергиясы, товардык гранттар, б.а. мамлекет мындай товарлар менен келишилген белгиленген баа боюнча соодалашат). Өлкөлөрдүн куржуну Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан беш жыл сайын кароого алынат.

2016-жылы индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2010-жыл алынган.

Номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$NBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \qquad (2)$$

мында $ER_{US_t}$ – t мезгил ичинде сомдун номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси (1 сом үчүн АКШ доллары бирдиктери). t эсептик мезгил ичиндеги сомдун алмашуу курсунун орточо мааниси t мезгилиндеги бардык календарлык күндөр ичинде колдонулган сомдун алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси катары аныкталат.

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичинде алмашуу курстардын тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индексин эсептөө формуласы төмөнкүчө болот (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$RBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \times \left( \frac{CPI_{KYR_t}}{CPI_{US_t}} \right) \qquad (3)$$

мында $ER_{US_t}$ – t мезгил ичинде сомдун номиналдуу алмашуу курстарынын орточо геометриялык мааниси (1 сом үчүн АКШ доллары бирдиктери).

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичинде номиналдуу алмашуу курстардын тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

$CPI_{KYR_t}$ жана $CPI_{US_t}$ – 0 базалык мезгилге карата t мезгил ичинде Кыргыз Республикасында жана АКШда баалар индексинин өзгөрүшү.

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу – бул кароого алынып жаткан өлкөлөр куржунуна кирген негизги өнөктөш өлкөлөр боюнча эки тараптуу номиналдуу алмашуу курстарынын орточо геометриялык индекстеринин орточо салмактанып алынган мааниси. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелет:

$$NEER_t = \left(NBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(NBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \ldots \left(NBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (4)$$

мында $NBER_{i_t}$ – (2) формула боюнча эсептелген t мезгил ичинде i өлкөсүнүн номиналдуу эки тараптуу индекси,

$W_{i_t}$ – тиешелүү салмак.

Кароого алынып жаткан өлкөлөр куржунуна кирген негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курстарынын орточо геометриялык индекстеринин орточо салмактанып

МАЗМУНУ

алынган мааниси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелет:

$$REER_t = \left(RBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(RBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \ldots \left(RBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (5)$$

мында $RBER_{i_t}$ – (3) формула боюнча эсептелген t мезгил ичинде i өлкөсүнүн реалдуу эки тараптуу индекси,

$W_{i_t}$ – (1) формула боюнча эсептелген, өлкөнүн тиешелүү салмагы.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын динамикасы үч факторго жараша түптөлөт. Биринчи фактор катары номиналдуу алмашуу курсу саналат. Сомдун башка валюталарга карата бекемделиши (нарксыздашы) номиналдуунун да жана реалдуунун да эффективдүү алмашуу курстарынын индекстеринин жогорулашын (төмөндөшүн) шарттайт. Экинчи фактор – карооого алынган өлкөдө жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө баа деңгээлинин өзгөрүшү. Соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө баалардын өсүш арымына караганда Кыргыз Республикасында баалардын арымдуу өсүш арымы сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин жогорулашын жана тескерисинче төмөндөшүн шарттайт. Баалар индекси реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөдө гана пайдаланылат. Таасирин тийгизүүчү үчүнчү фактор катары Кыргыз Республикасынын тышкы товар жүгүртүү көлөмүндө негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагы саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүү көлөмүндө өлкөнүн үлүшү канчалык көп болсо, сомдун алмашуу курсунун ошол өлкөнүн валютасына жана ошол өлкөдө баалардын өзгөрүшүнүн сомдун эффективдүү алмашуу курстарынын индекстерине таасири ошончолук олуттуу.

Ошентип, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөшү, адатта, жергиликтүү товарлардын ошол өлкөлөрдүн рынокторунда баа жагында атаандашуу жөндөмдүүлүгүн жогорулагандыгын жана, тескерисинче, төмөндөгөндүгүн тастыктайт.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун Кыргызстан товарларынын баа боюнча атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө таасири тууралуу маалыматтар 1-таблицада топтолгон.

$$\varepsilon = \frac{E \times P}{P^*} \qquad (6)$$

мында

ε – сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу;

E – сомдун номиналдуу алмашуу курсу (1 сом үчүн чет өлкө валютасы бирдиктери);

P – Кыргызстанда баа деңгээли;

P* – чет өлкөдө баалардын деңгээли.

МАЗМУНУ

**III.1-таблица. РЭАКтын абалы боюнча негизги тыянактар**

| *Көрсөткүч* | *Өзгөрмөнүн өзгөрүп турушу* | *РЭАК абалы* | *Кыргыз товарларынын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүшү* | *Эскертүү (башка бирдей шарттарда)* |
|---|---|---|---|---|
| **E,** алмашуу курсу | ↑ номиналдык бекемделиши | ↑ реалдуу бекемделиши | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзаныраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу кымбатыраак |
| **E,** алмашуу курсу | ↓ Номиналдык нарксыздашы | ↓ реалдуу нарксыздашы | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшырuусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбатыраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу арзаныраак |
| **P,** Кыргыз Республикасында баалардын деңгээли (сом түрүндө) | ↑ | ↑ реалдуу бекемделиши | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзаныраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу кымбатыраак |
| **P,** Кыргыз Республикасында баалардын деңгээли (сом түрүндө) | ↓ | ↓ реалдуу нарксыздашы | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбатыраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу арзаныраак |
| **P*,** чет өлкөдө баалардын деңгээли (анын өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↑ | ↓ реалдуу нарксыздашы | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбатыраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу арзаныраак |
| **P*,** чет өлкөдө баалардын деңгээли (анын өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↓ | ↑ реалдуу бекемделиши | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзаныраак, кыргыз товарлары – салыштырмалуу кымбатыраак |

МАЗМУНУ

# IV тиркеме. Коммерциялык банктарда төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн эсепке алуу системасы

1997-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасын (ТБЭС) ишке киргизген. Бул система банк системасы аркылуу жүргүзүлүүчү төлөм теңдеминин операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялар боюнча кеңири жана өз убагында статистикалык маалыматтарды алууну камсыз кылат. Система коммерциялык банктардын чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептери жана кыргыз банктарындагы чет өлкө банктарынын эсептери аркылуу жүргүзүлгөн операцияларды, накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды жана резидент эместердин чет өлкө жана улуттук валюталардагы операцияларын камтыйт.

Кыргызстандагы ТБЭСтин өзгөчөлүгү – коммерциялык банктардын чет өлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептери аркылуу жүзөгө ашырылган эл аралык операцияларды толук камтыгандыгы болуп саналат, бул андан төмөн операциялар эсепке алынбай турган директивалык минималдуу чектүү сумманын жоктугу менен шартталган. Алынган маалыматтар маалыматтын маанилүү булагы болуп саналат жана төлөм теңдемин түзүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясын түзүү үчүн колдонулат. Отчёттук маалыматтар төлөм теңдеминин стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмегине ылайык классификацияланат жана чагылдырылат. Азыркы учурда, Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан төлөмдөрдүн багыты боюнча маалыматтарды чогултуу жана эсепке алууга карата талаптар Банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу тууралуу нускоо (мындан ары – Нускоо) менен жөнгө салынат.

Ай сайын берилүүчү отчёттор коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына электрондук жана кагаз түрүндө отчёттук айдан кийинки айдын 15ине чейин берилет. Отчётто ар бир эсеп боюнча маалымат мезгилдин башындагы жана аягындагы эсептин калдыктарынын суммасынан башталып бүтөт, ошого жараша отчёттук мезгилдеги эсептердеги акча каражаттарынын жылышы дагы чагылдырылат. Отчёттук мезгилдин башталышына жана аякташына карата сальдо эсептин багытына жараша көрсөтүлөт: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы үчүн мезгилдин башталышына жана аякташына карата сальдо кредит боюнча, ал эми лоро-эсептери жана резидент эместердин эсептери боюнча чет өлкө жана улуттук валюталардагы эсептер, тескерисинче, дебет боюнча чагылдырылат. Иштелип чыккандан кийин бардык отчёттор жалпы маалымат базасына топтоштурулат жана төлөм теңдеминин стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат.

Бул система боюнча коммерциялык банктар тарабынан толтурулган электрондук формада ар бир операция корреспондент банктар, операциянын валютасы, операциянын датасы, операциянын түрү, банктын кардарынын өнөктөшүнүн (контрагенттин) өлкөсү, экономиканын белгилүү бир секторуна тиешелүүлүгү, эсеби менен операция жүргүзүлүп жаткан кардардын өлкөсү боюнча классификацияланат. Операциянын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору код түрүндө берилген. ПБ-1 формасы боюнча отчёттун электрондук формасы 14 талаада берилген, алардын мазмуну төмөндө келтирилет.

| Талаанын номери | Талаанын аталышы | Талаанын |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Чет өлкөдөгү корреспондент-банктын аталышы көрсөтүлөт. Накталай валюта менен операцияларды эсепке алууда бул талаада: “накталай чет өлкө валютасы” көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасында резидент эместердин операцияларын эсепке алууда төмөнкүлөр көрсөтүлөт: “резидент эмес кардарлардын эсептери”. |
| 2 | Өнөктөш жайгашкан өлкөнүн коду | Корреспондент-банк жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Бул жерде Улуттук статистика комитетинин (УСК) өлкө кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. Кыргыз Республикасында накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды же резидент эместердин улуттук жана чет өлкө валюталарындагы операцияларын эсепке алууда Кыргыз Республикасынын коду көрсөтүлөт. |
| 3 | Эсеп | Эсептин коду анын классификациясына ылайык көрсөтүлөт (“1 – ностро”, “2 – лоро”, “3 – накталай чет өлкө валютасы”, “4 – резидент эмес кардарлардын эсептери”). |
| 4 | Валютанын атылышы | Операция жүргүзүлүп жаткан валютанын коду көрсөтүлөт. Мында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2000-жылдын 5-июлундагы № 26/9 токтому менен бекитилген МК валюталарынын мамлекеттер аралык классификаторунда (ИСО 4217003-97) берилген валюталардын тамга түрүндөгү коддору колдонулат. |
| 5 | Операциянын датасы | Банктын бухгалтердик отчётунда операциялар чагылдырылган дата көрсөтүлөт. |
| 6 | Операциянын коду | Операция коду операция коддорунун тизмегине ылайык көрсөтүлөт. |
| 7 | Төлөөчү-алуучу өлкөнүн коду | Накталай эмес операцияларды эсепке алууда: чыгыш төлөмдөр боюнча бенефициар (алуучу) өлкөнүн коду, ал эми кириш төлөмдөрү боюнча жөнөтүүчү өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды эсепке алуу ушундай эле тартипте жүргүзүлөт. Мисалы, ар кандай системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) аркылуу которуу үчүн накталай акчаны салууда алуучунун өлкөсүнүн коду, ал эми накталай акчаны түрдүү системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) аркылуу алууда жөнөтүүчүнүн өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт. Бул жерде Улуттук статистика комитетинин өлкөлөр боюнча кодификаторунда көрсөтүлгөн өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 8 | Сектордун коду | Кыргыз Республикасындагы банктын кардары таандык болгон, анын эсеби боюнча банкта операция жүргүзүлүп жатканы экономика секторунун коду көрсөтүлөт. Бул жерде экономика тармактарынын коддору Төлөм теңдеми боюнча колдонмого ылайык иштелип чыккан классификаторго ылайык колдонулат. |
| 9 | Кардардын өлкөсүнүн коду | Кыргыз Республикасындагы банктын кардары резиденти болуп саналган, анын эсеби менен банкта операция жүргүзүлүп жаткан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Бул жерде Улуттук статистика комитетинин өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 10<br>11 | Кредит<br>Дебет | Эсептердеги акча каражаттарынын жылышы кредит жана дебет саптарында чагылдырылат. Маалыматтар төмөндөгүдөй чагылдырылат: ностро эсептер боюнча операциялар жана накталай чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча – акча каражаттарынын түшүүсү, кредит жана дебет боюнча – аларды эсептен алып салуу, резидент эмес кардарлардын лоро эсептери жана улуттук жана чет өлкө валюталарындагы эсептери боюнча операциялар боюнча – тескерисинче: кредит боюнча – эсептен чыгаруу, фонддун дебети боюнча. Номиналдык маанидеги сумма, үтүрдөн кийин эки белги менен валюта бирдигинде көрсөтүлөт. |

МАЗМУНУ

| **Талаанын номери** | **Талаанын аталышы** | **Талаанын** |
|---|---|---|
| 12 | Сом түрүндөгү сумма | Сом түрүндөгү эквиваленттүү сумма банктын бухгалтердик отчётундагы операцияны чагылдыруу датасына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча көрсөтүлөт. Сумма – үтүрдөн кийин эки белги менен берилет. |
| 13 | АКШ доллары түрүндөгү сумма | АКШ долларындагы эквиваленттүү сумма банктын бухгалтердик отчётунда операция чагылдырылган датага карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча көрсөтүлөт. Сумма – үтүрдөн кийин эки белги менен берилет. |
| 14 | Операция | Ар бир акча каражаттарын которуунун максаты жөнүндө толук маалымат көрсөтүлөт. Бул тилкедеги маалымат төлөм теңдеминин стандарттуу классификациясы боюнча операциянын аталышын кайталабайт, конкреттүү операциянын мазмунун чагылдырат. Бул операцияларга коюлган коддордун тууралыгын контролдоо үчүн зарыл. Ошентип, мындай “финансылык кызмат көрсөтүүлөр”, “башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр”, “товарларды экспорттоо” сыяктуу түшүндүрмөлөр отчёттуулуктун толуктугуна карата талаптарды канааттандырбайт. Мисалы, товарды жеткирүү үчүн төлөм эсебиндеги акча каражаттарын которууда төлөм кайсы товарга жүргүзүлүп жаткандыгы көрсөтүлөт. |

Б-1 формасы боюнча отчёттон тышкары, отчёттук айдын башталышына жана аякташына карата каражаттардын калдыктары жөнүндө маалымат жазуу жүзүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 отчётунун электрондук формасында чагылдырылган мезгилдин башталышына жана аякташына карата каражаттардын калдыктары жөнүндө маалыматтарга дал келиши керек.

Кошумча отчёттуулук төмөнкү формаларда берилет:

- ПБ-1К – чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептердеги жана кыргыз банктарындагы чет өлкө банктарынын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары жөнүндө маалымат;

- ПБ-1Н – накталай чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыктары жөнүндө маалымат;

- ПБ-1СИ – резидент эмес кардарлардын улуттук жана чет өлкө валюталары түрүндөгү эсептеринде акча каражаттарынын калдыктары жөнүндө маалымат.

# V тиркеме. Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөгөн коэффициенттерди эсептөө методикасы

*Тышкы карыз (EDT)* – чет өлкө валютасында, товар же кызмат көрсөтүүлөр түрүндө төлөнүүгө тийиш болгон резидент эместер алдындагы карыздык милдеттенмелердин жыйындысы.

*Алынган каражаттар (DISB)* – отчёттук мезгил ичинде кредитордун кредиттик гарантияларынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизациялык төлөмдөр (AMT)* – отчёттук мезгил ичинде карыздын негизги суммасын төлөө эсебине товарлар же кызмат көрсөтүүлөр түрүндө төлөөлөрдү кошо алганда, чет өлкө валютасындагы төлөөлөр.

*Пайыздык төлөмдөр (INT)* – отчёттук мезгил ичинде товарлар же кызмат көрсөтүүлөр түрүндө төлөөлөрдү кошо алганда, пайыздар боюнча төлөөлөрдүн чет өлкө валютасындагы айкын суммалары.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* – карыз алуучу тарабынан өткөрүлүүгө тийиш болгон амортизациялык жана пайыздык төлөмдөр.

*Эсептен алып салуу (WRTOFF)* – орду жабылбаган карызды жокко чыгаруу.

*Дүң тышкы карыз (ВВД)* кайсы учурда болбосун орду жабылбаган айкын күндөлүк жана шартсыз, жана келечекте айрым учурларда дебитордон карыздын негизги суммасын жана/же пайыздарды төлөөнү талап кылган милдеттенмелердин калдыгын билдирет, ошондой эле бул өлкөнүн резидент эместер алдындагы милдеттенмелерин түшүндүрөт.

*Жалпы тышкы карыз мамлекеттик тышкы карыздын, жеке тышкы карыздын жана ЭВФ кредиттери боюнча карыздын жыйындысы катары аныкталат.*

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында $EDT_G$ – *мамлекеттик тышкы карыз.* Бул Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тышкы карыздык милдеттенмелери жана ЭВФ алдындагы карызы, плюс жеке карыз алуучулардын тышкы карыздык милдеттенмелери, аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан гарантияланган. Бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелет.

$EDT_P$ – *жеке тышкы карыз.* Бул жеке карыз алуучулардын карыздык милдеттенмелери, аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан гарантияланган эмес. Ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан гарантияланбаган кредиттик каражаттарды тартуу менен иш алып барган жеке ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелет.

Отчёттук мезгилдин акырына карата жалпы тышкы карыздын көлөмү төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында $EDT_{(t-1)}$ – өткөн мезгилдин акырына карата жалпы тышкы карыздын көлөмү;

$DISB_t$ – t отчёттук мезгилинде айкын алынган каражаттар;

$AMT_t$ – t отчёттук мезгилинде айкын өткөрүлгөн амортизациялык төлөмдөр;

$WRTOFF_t$ – t отчёттук мезгилинде эсептен алып салынган негизги сумма.

Жалпы тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын талдоо үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө максатында колдонулат:

$(EDT / GDP) \times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын ички дүң өнүмгө карата катышы;

$(EDT / XGS) \times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна катышы;

$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөмдөр;

$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине өткөрүлгөн айкын төлөмдөр;

$K_{prg} = \frac{TDS_{prg}}{XGS}$ – жалпы тышкы карызды график боюнча тейлөө коэффициенти, мында XGS – товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту;

$K_{act} = \frac{TDS_{act}}{XGS}$ – жалпы тышкы карызды айкын тейлөө коэффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн карыздык милдеттенмелерин же карызды тейлөө жөндөмдүүлүгүн баалоого мүмкүндүк берет. Өлкөнүн карыздык милдеттенмелери жана карызды тейлөө жөндөмдүүлүгү анын валюталык түшүүлөрү жана өндүрүү көлөмү менен өлчөнөт.

МАЗМУНУ

# VI тиркеме. Эл аралык инвестициялык позиция түзүү методикасы

*Эл аралык инвестициялар балансы* – бул белгилүү бир датага карата (мисалы, жылдын акырына карата) өлкөнүн тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запастарын, ошондой эле финансылык операциялардын, нарктык өзгөрүүлөрдүн, кайра баалоонун жана башка корректировкалоо жол-жоболорунун натыйжасында алардын өзгөрүшүн чагылдырган статистикалык отчёт.

Эл аралык инвестициялар балансы эки негизги классификациялык топтон: Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринен жана милдеттенмелеринен турат. Бул топтордун компоненттери төлөм балансынын финансылык эсебинин статьяларына туура келет жана тиешелүү функционалдык категорияларды чагылдырат. “Активдер” жана “милдеттенмелер” бөлүктөрүнүн маалыматтары Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (талаптарынын) жана милдеттенмелеринин көлөмүн, алардын түзүмүн жана изилденип жаткан мезгил ичиндеги өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөйт.

Өлкөнүн *таза эл аралык инвестициялык позициясы* анын тышкы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы айырманы билдирет.

Эл аралык инвестициялык позиция төмөнкү формада таблица түрүндө жарыяланат:

| Көрсөткүчтөр | Мезгилдин башталышына карата калдык | Операциялардын натыйжасында калдык | Баалардын өзгөрүшү | Курстардын өзгөрүшү | Жана башка өзгөрүүлөр | Мезгилдин акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| А. Активдер | | | | | | |
| В. Милдеттенмелер | | | | | | |
| С. Таза эл аралык инвестициялык позиция | | | | | | |

Таблицанын саптарында негизги классификациялык топтор көрсөтүлгөн: Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери. Бул топтордун компоненттери төлөм теңдеминин финансылык эсебинин статьяларына туура келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике, портфелдик жана башка инвестициялар, финансылык деривативдер жана резервдик активдер болуп бөлүнөт. Милдеттенмелер үчүн да (резервдик активдерден тышкары) ушундай эле бөлүштүрүү колдонулат.

Каралып жаткан таблицанын мамычаларында отчёттук мезгил ичинде эл аралык инвестициялар балансынын компоненттеринин өзгөрүшүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6-мамычаларда мезгилдин башталышына жана акырына карата Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-мамычада эл аралык инвестициялык позициянын финансылык компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында болгон өзгөрүүлөр көрсөтүлөт.

3 жана 4-мамычаларда баалардын жана валюта курстарынын деңгээлинин өзгөрүүсүнүн таасири астында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин наркынын өзгөрүшү эске алынган.

5-мамычада төмөнкүлөргө шартталган бардык башка өзгөрүүлөр чагылдырылат, мисалы:

- классификацияны кайра карап чыгуу (мисалы, инвестицияленуучу объекттин капиталында инвестордун үлүшүн көбөйтүү натыйжасында портфелдик инвестициядан тике инвестицияга өтүү);

- кредитордун карызын бир тараптуу жокко чыгаруу;



МАЗМУНУ

- башка өзгөртүүлөр.

Эл аралык инвестициялык позициялардын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын талдоо үчүн маанилүү, анткени Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) көлөмүн, алардын түзүмүн жана изилденип жаткан мезгил ичиндеги өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* биздин өлкөнүн дүйнөнүн калган өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланыштарынын абалын жана өнүгүү тенденцияларын аныктоо үчүн колдонулат.

Өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттер алдындагы карызынын ортосундагы катышты мүнөздөгөн таза эл аралык инвестициялык позициянын оң же терс белгиси өлкөнүн “таза кредитор” же “таза карызгер” катары статусун чагылдырат, бул мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык турукташтыруу программаларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, аны каржылоо муктаждыгын аныктоо).

Таза эл аралык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтү – улуттук байлыкты баалоого мүмкүндүк берет, анын көлөмү өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясынын жана финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.